"БЕКИТЕМИН"
"Кыргызстан эл аралык университети" Окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин ректору,
т.и.д., профессор
Е.Ю.Савченко
_______________
"20" 01 2025-ж.

**Мамашарип кызы Багдагүлдүн "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" аттуу темадагы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунушталган диссертациясылык ишине жетектөөчү уюм катары "Кыргызстан эл аралык университети" Окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин "Юриспруденция жана эл аралык укук" кафедрасынын**

## ПИКИРИ

1. **Изилдөө темасынын актуалдуулугу.**

Конституциянын негиздерин туу туткан өлкөдө үй-бүлөлүк мамилелердеги көйгөйлөрдү укуктук деңгээлде чечүү коомдун талабы. Бүгүнкү күнгө чейин мамлекетибизде үй-бүлөлүк же аны менен байланышкан коомдук мамилелерди жөнгө салуучу заманбап, талапка ылайык мыйзамдар жана тиешелүү ченемдик актылар кабыл алынып келинет. Бирок, коомубуз арыла албай жаткан "кыз ала качуу", мыйзамсыз нике кыюу, көп аял алуу, алимент өндүрүү, үй-бүлөлүк мамилелерде адеп-ахлак деңгээлинин төмөндөшү ж.б.у.с. маселелер, ошондой эле азыркы ааламдашуу доорунун илеби салттуу кыргыз коомуна терс таасирин тийгизбей койгон жок. Мына ушуларды болтурбоо же алдын алуунун укуктук жол жобосун аныктап, илимий изилдөө жүргүзүүгө кызыгуу жаратат.

"Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" аттуу илимий изилдөө иштин алкагында көйгөлөр талданып, негиздүү сунуштарды берүүнүн үстүндө иш жүргүзүлүптүр. Ошондой эле, теманын алкагында үй-бүлө укугунун катышуучуларынын конституциялык-укуктарына маани берилип, алардын үй-бүлөдөгү милдеттери менен жоопкечиликтеринин механизмдери да каралган. Үй-бүлө коомдун негизин түзүп, коомдук институт болгону менен, ал жалаң гана

КНУ им. ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА
ЮРИДИЧЕСКИЙ ИНСТИТУТ
Входящий № 29/1
«20» 01 2025 г.

коомдук жөнгө салуу механизмдери аркылуу эмес, мамлекет тарабынан санкцияланган укуктук механизмдер менен да жөнгө салынууга тийиш. Себеби үй-бүлө мүчөлөрү жана жалпы үй-бүлөлүк мамилелердин катышуучулары абстрактуу объекттер эмес, алар конкреттүү адамдар (жарандар, жарандыгы жок адамдар, чет элдик жарандар), андан барып – укуктук субъекттер, алар үй-бүлөлүк мамилелерде өз ара жана мамлекет менен укуктук байланышта болот, өздөрүнүн жеке же жалпы укуктарын жана кызыкчылыктарын ишке ашырууда мамлекет, анын органдары жана кызмат адамдары менен мамиледе болушат. Албетте, бул мамилелер укуктук жөнгө салынууга жатат.

Жарандык коомду калыптандырууда жана демократиянын иштешинде пайда болгон көйгөйлөрдүн себептерин ачуу менен үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди жөнгө салуудагы жеке кызыкчылыктар менен коомдук кызыкчылыктардын айкалышы мүнөздөлүп, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуудагы конституциялык принциптердин мааниси жана орду аныкталгандыгында, ошондой эле үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуу принциптеринин катарын үй-бүлөлүк баалуулуктарды, наркты жана салтты сактоо принцибин бекитүү менен кеңейтүү сунуштарын белгилеген.

Изденүүчү диссертациялык теманын алкагында Кыргыз Республикасындагы ата мекендик жана чет өлкөлүк булактарынын базасына сереп салып, юридикалык илимдин өкүлдөрүнүн материалдарын кылдаттык менен изилдеп илимий ишинде чагылдырган. Изилдөө ишинде камтылган жоболор жогорку окуу жайларында жогоруда аталган дисциплиналарды окутууда, ошондой эле конституциялык укук, үй-бүлө укугу сыяктуу курстарда, ошондой эле аталган дисциплиналар боюнча окуу китептерин жана окуу куралдарын даярдоодо колдонулат деп ишендиребиз.

Изденүүчүнүн изилдөө ишине чоң жоопкерчилик менен мамиле кылгандыгы анын талдоо иштеринен байкалат, ошондой эле изденүүчү теманы узак убакытта, кылдаттык менен терең иликтөө жүргүзгөн, буга изденүүчүнүн илимий макалалары далил боло алат. Ошондой эле, изденүүчү ушул тармакта Ош мамлекеттик университетинин “Жарандык укук жана процесси” кафедрасында эмгек тажрыйбасы өтөгөндүгү илимий изилдөөсүнө, ар тараптуу иликтөөгө мүмкүндүк берген. Мындан тышкары, педагогикалык чөйрөдө тажрыйбасы да изденүүчүнүн илимий ишинин натыйжаларын так жана структуралуу жол менен баяндап, түшүнүктүү жана жеткиликтүү көрсөтө алган.

Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин теориялык жактан карап жана аларды өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Белгиленген максатка жетүү үчүн төмөнкү *негизги милдеттер* коюлган жана ийгиликтүү ишке ашырылган:

1. Үй-бүлөлүк укукту камсыз кылган конституциялык-укуктук ченемдердерди изилдөө жана талдоо;
2. Үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдарга талдоо жүргүзүү;
3. Үй-бүлөлүк укукту изилдөөнүн объектисин, предмети менен методдорун аныктап, мүнөздөмө берүү;
4. Үй-бүлөлүк укук түшүнүгүнүн конституциялык – укуктук маанисине талдоо жүргүзүү;
5. Үй-бүлөлүк укуктарды коргоо боюнча конституциялык принциптерге талдоо жүргүзүү;
6. Үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликтин өзгөчөлүгүн жана маанисин аныктоо жана үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликти ишке ашыруу механизиминин негиздерин жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу.

Илимий изилдөө ишинин жыйынтыктары конституциялык-укуктук негиздерди өркүндөтүү боюнча иш алып барган тармактарга пайдасын тийгизе алат. Диссертациялык изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылдарга өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы, Кыргыз Республикасынын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2018-2028-жылдарга үй-бүлөнү жана балдарды колдоо программасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 14-августундагы №479 токтому менен бекитилген) менен байланышкан.

2. **Диссертацияларга карата коюлган талаптардын алкагындагы илимий натыйжалар.**

Жүргүзүлгөн илимий изилдөөдө укуктук мамлекетти, жарандык коомду калыптандырууда жана демократиянын иштешинде пайда болгон көйгөйлөрдүн себептерин ачуу менен үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди жөнгө салуудагы жеке кызыкчылыктар менен коомдук кызыкчылыктардын айкалышы мүнөздөлүп, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуудагы конституциялык принциптердин мааниси жана орду аныкталган. Илимий жаңычылдык Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин жакшыртуу боюнча негизделип иштелип чыккан теориялык жоболордо жана практикалык сунуштарда чагылдырылган.

3. **Изденүүчүнүн диссертацияда келтирген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун ишенимдүүлүгүнүн жана негиздүүлүгүнүн деңгээли.**

Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн натыйжасында коргоого төмөнкү жоболор сунушталат:

**1-натыйжа.** Изденүүчү үй-бүлөлүк укутарды камсыз кылган конституциялык-укуктук актылардын түрлөрүн аныктап, алардын артыкчылыктарын жана кемчилдиктерин талкуулаган. Ошондой эле бир катар юрист окумуштуулардын көз караштарына салыштыруу жүргүзгөн.

**2-натыйжа.** Изденүүчү үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган принциптерге жана тиешелүү мыйзамдын главасына, ар бир беренелерине токтолуп, жалпы мүнөздөмө берип, алардын маанисин мазмунун түшүндүрүп жыйынтыгында бул мыйзамдардын негизин принциптер менен ченемдер түзөт деген тыянак келген. Ошондой эле, айрым мыйзам ченемдерине жаны глава кабыл алынуусу керек экендигин сунуштаган.

**3-натыйжа.** Изденүүчү диссертациялык ишинин объектисин, предметин аларды изилдөөнүн теориялык жана практикалык ыкмаларына кеңири талдоо жүргүзгөн.

**4-натыйжа.** Үй-бүлө укук түшүнүгүнүн конституциялык-укуктук маанисин ачууда анын калыптануусунун тарыхына кайрылган. Ошондой эле, үй-бүлө укук мамилелеринин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери, мыйзамдуу кызыкчылыктары аталган укуктук тармактын өзөгүн түзгөндүктөн, үй-бүлөнү социалдык-куктук жактан камсыздоонун жана коргоонун артыкчылыктуу шарттарын көрсөткөн. Ал: Кыргыз Республикасынын Конституциясына коомдун табигый жана негизги уюткусу катары үй-бүлөнүн ролун бекемдеген жобону Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесин жаңы 4-бөлүк менен төмөнкүдөй редакцияда баяндоо менен киргизүү зарыл: “Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш” деп эсептеген.

**5-натыйжа.** Үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салууда жетишсиздиктер бар экендигин аныктаган б. а. зарыл жоболордун жоктугун белгилейт жана сунуш жасаган. Алсак, Баш мыйзамдын 19-беренесине жаңы 4-бөлүктү киргизүүнү сунуштайт: “Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш”, бул бөлүктү киргизүү менен үй-бүлө

коомдун табигый жана негизги уюткусу катары ордун бекемдеген сунуштун негиздүүлүгүн ачып берген.

**6-натыйжа.** Изденүүчү үй-бүлө укугундагы жоопкерчилик институтун изилдеп жатып "Үй-бүлөлүк укуктагы жоопкерчилик" менен "үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчилик" түшүнүктөрүнүн бирдей эместигин, анын тарыхый калыптанышын, түптөлүшүн караган жана үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилигинин негизги максаттарын атап өткөн.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда келтирген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун) тыянактарынын жана корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-натыйжа.** Илимий жыйынтык жаңы, себеби окумуштуулардын илимий эмгектерин жана колдонуудагы конституцияны, мыйзамдарды карап чыгып, үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченемге автордук аныктамасын сунуштаган: *"Үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченем* - бул Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган ченемдердин негизинде түзүлгөн үй-бүлө мамилелерине катышуучулардын ортосундагы коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турган жүрүм – турум эрежелери".

**2-натыйжа.** Илимий жаңылык, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодексине жаңы глава балдарды руханий маданий жактан тарбиялоо жөнүндө кабыл алып, анда балдарды адептүү, адилеттүү болуу мамилелерин жөнгө салган укуктук ченемдер каралуусу зарыл экендигин белгилеген.

**3-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, изилдөөнүн методологиясы коомдук жана укуктук кубулуштарды таануунун жалпы илимий методдору менен бирге жеке илимий методдорду комплекстүү колдонууда жатат.

**4-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, Конституциянын 19-беренесине 4-бөлүмдү кирзизүүгө сунушталган "жарандардын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түүзүүгө тийиш" деген түшүнүк жаңы.

**5-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, Баш мыйзамдын 19-беренесине жаңы 4-бөлүмүнө: "Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш"деген ченемди киргизүүдө жатат.

**6-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилигинин функцияларын комплекстүү ишке ашыруу гана үй-бүлө менен никенин гармониялуу өнүгүшүн камсыз кылат. Ал комплекстүү функциялар үй-бүлөлүк укук мамилелеринин конкреттүү субъектилеринин бузулган үй-

коомдун табигый жана негизги уюткусу катары ордун бекемдеген сунуштун негиздүүлүгүн ачып берген.

**6-натыйжа.** Изденүүчү үй-бүлө укугундагы жоопкерчилик институтун изилдеп жатып "Үй-бүлөлүк укуктагы жоопкерчилик" менен "үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчилик" түшүнүктөрүнүн бирдей эместигин, анын тарыхый калыптанышын, түптөлүшүн караган жана үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилигинин негизги максаттарын атап өткөн.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда келтирген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун) тыянактарынын жана корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-натыйжа.** Илимий жыйынтык жаңы, себеби окумуштуулардын илимий эмгектерин жана колдонуудагы конституцияны, мыйзамдарды карап чыгып, үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченемге автордук аныктамасын сунуштаган: *"Үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченем* - бул Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган ченемдердин негизинде түзүлгөн үй-бүлө мамилелерине катышуучулардын ортосундагы коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турган жүрүм – турум эрежелери".

**2-натыйжа.** Илимий жаңылык, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодексине жаңы глава балдарды руханий маданий жактан тарбиялоо жөнүндө кабыл алып, анда балдарды адептүү, адилеттүү болуу мамилелерин жөнгө салган укуктук ченемдер каралуусу зарыл экендигин белгилеген.

**3-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, изилдөөнүн методологиясы коомдук жана укуктук кубулуштарды таануунун жалпы илимий методдору менен бирге жеке илимий методдорду комплекстүү колдонууда жатат.

**4-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, Конституциянын 19-беренесине 4-бөлүмдү кирзизүүгө сунушталган "жарандардын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түүзүүгө тийиш" деген түшүнүк жаңы.

**5-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, Баш мыйзамдын 19-беренесине жаңы 4-бөлүмүнө: "Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш"деген ченемди киргизүүдө жатат.

**6-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилигинин функцияларын комплекстүү ишке ашыруу гана үй-бүлө менен никенин гармониялуу өнүгүшүн камсыз кылат. Ал комплекстүү функциялар үй-бүлөлүк укук мамилелеринин конкреттүү субъектилеринин бузулган үй-

бүлөлүк укуктарын калыбына келтирбестен, жетишилген натыйжаны *"бекитүүгө"* жардам берет жана калыбына келтирилген, *«жакшыртылган»* үй-бүлөлүк укуктук мамилелердин мындан аркы иштешин улантууга багытталышы далилденгенде.

**5. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тийиштүү актуалдуу көйгөйдү, теориялык жана прикладтык милдетти чечүүгө багытталгандыгын балоо.**

Диссертациялык иште изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары логикалык жактан туура жана ырааттуулук менен алынган.

6. **Изденүүчү тарабынан алынган натыйжалардын мааниси жана алардын тийиштүү актуалдуу көйгөйдү, теориялык жана прикладтык милдетти чечүүгө багытталгандыгы.**

КРнын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан теориялык жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар ата мекендик конституциялык жана үй-бүлөлүк мыйзамдарды өркүндөтүүдө, тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде колдонулушу мүмкүн.

Диссертацияда камтылган жоболор жогорку окуу жайларында жогоруда аталган дисциплиналарды окутууда, ошондой эле конституциялык укук, үй-бүлө укугу сыяктуу курстарда, ошондой эле аталган дисциплиналар боюнча окуу китептерин жана окуу куралдарын даярдоодо колдонулат.

**7. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын, тыянактарын, корутундусун жарыялоо жана ырастоо.**

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар өлкө ичиндеги жана чет мамлекеттердеги илимий басымаларда жарык көргөн, жалпы жонунан 10 илимий макалада чагылдырылган:

1. **Мамашарип кызы Б.** Бала (уул же кыз) асырап алуу. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Известия вузов (Кыргызстана). – 2012, № 4. С 91-94. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36685024

2. **Мамашарип кызы Б.,** Айтмаматова У.А. Роль принципов (основных начал) семейного права в формировании системы семейного права. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2014, № 2. С 143-145. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=24846815

3. **Мамашарип кызы Б**. Жашы жете элек балдардын өздүк мүлктүк эмес укуктары. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2014, № 9. С 74-75. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=24908188

4. **Мамашарип кызы Б**. Үй-бүлө укугунун түшүнүгү. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2014, № 9. С 76-77. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=24908189
5. **Мамашарип кызы Б**., Пратова А.К. Үй-бүлө укугунун башка укук системаларынын ичиндеги орду жана ролу, жарандык укуктун бир тармагы катары. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2016, № 12. С 142-143. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28310228
6. **Мамашарип кызы Б.** Баланын калыптанышына үй-бүлөнүн таасири. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2018, № 12. С 47-49. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=41212707
7. **Мамашарип кызы Б.** Үй-бүлөлүк - укуктук макулдашууларды келишимдик жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2020, № 4. С 69-72. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46223399
8. **Мамашарип кызы Б.** Бүтүм түзүүдө жубайлардын макулдугу. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. – 2021. № 6 С 112-114. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47219576
9. **Мамашарип кызы Б.** Субъекты семейных правоотношений. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Рецензируемый научный журнал «Тенденции развития науки и образования» №84, Апрель 2022 (Часть 5) С 120-123. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48496944
10. **Мамашарип кызы Б.** Эволюция конституционного закрепления института семьи в период независимости Кыргызстана. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Оригинальные исследования (ОРИС) 2022 №4. https://elibrary.ru/item.asp?id=48546824

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши**

Автореферат диссертациянын мазмунуна дал келет, изилдөөнүн максаты жана милдеттери бири бирине дал келип айкалышат. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бирдей.

**9. Диссертациянын мазмуну жана аны жол-жоболоштуруу боюнча эскертүүлөр.**

Диссертациялык изилдөө Б. Мамашарип кызы тарабынан илимий деңгээлде өз алдынча аткарылган жана аягына чыгарылган илимий-изилдөөчүлүк эмгек болуп саналат. Дисертациялык иш менен таанышуу учурунда айрым эскертүүлөр аныкталды:

1. Үй-бүлө укук мамилелеринин катышуучуларынын укуктарын революцияга чейинки доордо адат укугунун негизинде жөнгө салуу менен катар шарият укугунда жөнгө салынуусу кеңири изилденген эмес.
2. Диссертациянын текстинде анча-мынча грамматикалык каталар жана сөз айкаштарынын стилистикалык жактан туура эмес айлануулары бар.

Жогорудагы сын-пикирлер кеңеш берүүчү мүнөзгө ээ жана диссертациялык изилдөөгө жалпы оң баа берүүгө таасирин тийгизбейт.

10. **Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө Жобосуна ылайык келиши.**

Мамашарип кызы Б. "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" темасындагы диссертациялык иши өзүнүн түзүмү жана мазмуну, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы жана маанилүүлүгү боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө" Жобосунун (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы ПЖ №12 Жарлыгы) талаптарына толук жооп берет.

11. **Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча сунуштар.**

Диссертациялык изилдөө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылган жана илимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ болгон милдеттерди чечүүгө багытталган илимий-квалификациялык иш болуп саналат. Ишти изденүүчүнүн конституциялык укук илиминин өнүгүшүнө кошкон жеке салымы катары кароого болот.

Жалпысынан алганда Б. Мамашарип кызынын илимий изилдөө иши 12.00.02 – конституциялык укук, муниципилдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болууга татыктуу деп белгиледик.

Кыргызстан эл аралык университети окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси юридикалык жактардын бирикмесинин юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасынын отурумунда пикир талкууланды жана бекитилди: Протокол №_5_ "_17_" ___01___ 2025-ж.

**«Кыргызстан эл аралык университети» ОИӨК**
**«Юриспруденция жана эл аралык укук»**
**кафедрасынын башчысынын м.а.** ________ **Матвеева Т.В.**

**Колду тастыктайм:**
**«Кыргызстан эл аралык университети» ОИӨК**
**КББ башчысы:** ________ **Абрахманова А.Т.**